| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br>ЫЛАЙ-ТАЛАА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

VIII чакырылышындагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезексиз VII сессиясынын жыйынынын

**Т О К Т О М У**

2025-жылдын 4 – ноябры, № 7/16 Ылай-Талаа айылы

**Ылай-Талаа айыл аймагында жыл аягына чейин зарыл түрдө аткарылуучу жумуштарга акча каражатын карап берүү жөнүндө**

Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетинин 2025-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча түшүп жаткан кошумча каражаттарды сөзсүз аткарууга тийиш болгон жумуштарга чыгымдоо тууралуу Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн башчысынын кайрылуусун угуп, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамына негизденип, Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетинин 2025-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча түшүп жаткан кошумча каражаттар төмөндөгү маселелерди чечүү үчүн каржылоого макулдук берилсин:

- Токбай-Талаа айылындагы таштанды таштоочу жайдын айланасын бийиктетип тосуу боюнча долбоорго кирбей калган чыгымдары (цемент, шагыл жана уста акылары) үчүн – 320,0 миң сом;

- Ылай-Талаа айылындагы аламан улак чаба турган аянтчаны тегиздөөгө күйүүчү майына – 100,0 миң сом;

- Ылай-Талаа айылындагы А.Осмонов атындагы негизги мектебинин башталгыч класстар корпусун капиталдык ремонттон өткөрүү үчүн республикалык дем берүүчү гранттык долбоорго сунушталып жаткан долбоордун ПСД сына – 55,0 миң сом;

- Айыл аймагында коомдук коопсуздукту камсыз кылуу, кылмыштуулуктун алдын алуу максатында айыл аймагынын жүз таануучу 360 градусту камтып иштей турган 3 видеокамераларын алууга – 300,0 миң сом.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин социалдык-экономикалык өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо, жаштардын иштери, спорт, миграция, туризм, инвестиция жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына (төрагасы А.Кадыркулов) тапшырылсын.

**Төрага** **А.Мойдунов**